**Официалдуу оппоненттин изденүүчү Туркбаев Адамбек Борубаевичтин «Кичи ишкердүүлүктү иштетүүнүн жана туруктуу өнүктүрүүнүн экономикалык чөйрөсүн уюштуруу» деген темадагы 08.00.05 - Экономика жана эл чарбасын башкаруу (Ишкердиктин экономикасы) адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине берилген**

## ПИКИРИ

**1. Изилдөө темасынынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасында экономиканы өнүктүрүү багытында дүйнөлүк рынокто атаандашкыдай сапаттуу товарларды өндүрүүчү базалык кичи ишканаларды түзүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Айрыкча бул маселе регионалдык деңгээлде каралып жатканы, келечекте экономиканын өнүгүшү кичи ишканалар менен байланыштуу болоору тууралуу кабар берет.

Кичи ишканалардын ишмердигин эффективдүү уюштурууда алардын натыйжалуулугуна жетишүүдө, рынок мамилелерине шайкеш келе турган механизмдерди орнотууда бир топ кыйынчылыктар болуп жатат. Мисалы, өнөр жайда, курулушта, транспортто, айыл чарбада кичи ишканалар тийиштүү экономикалык эркиндик алганына карабастан аларда чыгарылган продукциялар жана көрсөтүлгөн кызматтар атаандаштыкка туруксуздук бере албай жаткандыгы арбын кездешүүдө. Буга мисал болуп учурда экспортко чыгарылган товарлардын дээрлик көпчүлүгү чийки зат боюнча калып, алардын саны импорттолгон товарларга караганда бир нече аз экендигин айтууга болот.

Кичи ишкердикке тийиштүү экономикалык чөйрө түзүлбөстөн алардын өнүгүүсүнө мамлекеттик колдоо маселелери да канааттандырарлык чечилбей келе жатат.

Кичи ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү чечүү муктаждыгы жана кичи ишканаларды башкарууну жакшыртуу, маселелерди изилдөө темасы учурда актуалдуу экендигин аныктайт.

**2. Диссертациялык изилдөөнүн максаты** кичи ишканалардын экономикасынын башкаруунун теориялык-методологиялык жана уюштуруу экономикалык негиздерин изилдөө менен өлкө алкагында кичи ишканаларды өнүктүрүү жана натыйжалуулугун жогорулатуу эсептелет. Коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкү маселелерди чечүү каралган:

- кичи ишкердиктин экономиканын реалдуу секторундагы ролун аныктоо жана ага кошумча киргизүү;
- кичи ишкердиктин уюштуруу формаларын изилдөө жана аларга таасир этүүчү факторлорду системалаштыруу;
- кичи ишканаларды башкаруунун жана мамлекеттик жөнгө салуудагы теоретикалык жана методологиялык аспектилерин толуктоо;
- кичи ишканаларын уюштуруунун жана иш алып баруунун учурдары абалын талдоо негизинде башкарууну жакшыртуунун резервдерин аныктоо;
- Кыргызстандын эл аралык экономикалык интеграция алкагында кичи ишкердикти мамлекет тарабынан колдоо чараларын көрүү;
- кичи ишкердикти өнүктүрүүдөгү негизги багыттарды сунуштоо;
- кичи ишканалардын келечектеги чыгарган товарларын божомолдоо негизинде башкарууну жакшыртуунун жолдорун аныктоо.

**3. Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы.**

Диссертациялык иштеги илимий изилдөөлөрдүн негизинде төмөнкү илимий жаңылыктар аныкталган:

- экономиканын реалдуу секторундагы кичи ишканалардын ийкемдүүлүгү, мобилдүүлүгү аныкталып, чоң ишканалар менен биргелешип товар өндүрүүдө мааниси чоң экендиги далилденген.

- кичи ишкердикти реалдуу сектордогу колдонулуучу негиздери аныкталган;

- кичи ишкердикти башкаруудагы жана мамлекеттик жөнгө салуудагы теоретикалык жана методологиялык аспектерине толуктоо киргизилген;
- кичи ишкердикти башкаруудагы резервдер такталып, аларды иш жүзүнө ашыруунун чөйрөсү жана мейкиндиги аныкталган;
- эл аралык экономикалык интеграция шартында кичи ишканаларга мамлекет тарабынан колдоо чаралары сунушталган;
- экономика-математикалык ыкмаларды колдонуунун негизинде кичи ишканалардын келечектеги чыгарыла турган товарлары божомолдоонун жолдору көрсөтүлүп, аларды башкарууга болгон позитивдүү иш-чаралар келтирилген.

**4. Изилдөөчү тарабынан диссертациялык иште келтирилген жыйынтык жана бүтүмдөрдүн негиздүүлүк жана аныктык даражасы.** Изилдөөчү тарабынан диссертациялык иште келтирилген илимий жыйынтыктардын, бүтүмдөрдүн жана сунуштардын негиздүүлүгү жана аныктыгы төмөнкүдөй методологиялык ыкмалар менен тастыкталган: көйгөйдүн терең изилдениши; теориялык ыкмаларды үйрөнүү, анык отчеттук маалыматтарды жана методикалык материалдарды колдонуу; изилдөөнүн жыйынтыктарын түрдүү эл аралык конференцияларда апробациялоо, илимий журналдарда жана топтомдордо жарыялоо аркылуу.

Диссертациялык иште төмөнкү көрсөтүлгөн илимий негизделген теориялык жана практикалык жыйынтыктар сунушталган.

Жыйынтык 1. Экономиканын реалдуу секторундагы кичи ишканалардын аныкталган ийкемдүүлүгү жана мобилдүүлүгү, чоң ишканалар менен биргелешип товар өндүрүүдөгү мааниси негиздүү далилденген.

Жыйынтык 2. Кичи ишкердикти уюштуруу формасы аларды өнүктүрүүдө чоң мааниге ээ экендиги тастыкталып, аны реалдуу сектордо колдонуу негиздери аныкталган.

Жыйынтык 3. Кичи ишкердикти башкаруудагы жана мамлекеттик жөнгө салуудагы теоретикалык жана методологиялык аспектерине негиздүү

толуктоолор киргизилген. Алардын негизгилери катары рынок мамилелерине ылайык тийиштүү ийкемдүүлүктү жана мобилдүүлүктү камсыз кылуу менен кичи ишкердикти стимулдаштыруу сунушталган.

Жыйынтык 4. Кичи ишкердиктин учурдагы абалын талдоонун негизинде башкаруудагы резервдер такталган, аларды иш жүзүнө ашыруунун чөйрөсү жана мейкиндиги аныкталган.

Жыйынтык 5. Эл аралык экономикалык интеграция шартында кичи ишканаларга мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүү боюнча негиздүү сунуштар берилген.

Жыйынтык 6. Экономика-математикалык ыкмаларды колдонуунун негизинде кичи ишканалардын келечекте чыгарыла турган товарларын божомолдоонун жолдору конкреттүү эсептөөлөр менен негизделген, алардын башкарууга болгон позитивдүү иш-аракеттер көрсөтүлгөн.

**5. Алынган жыйынтыктардын практикалык жана экономикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөнүн практикалык баалулугу кичи ишканаларды башкаруу мейкиндигинде экономиканы өнүктүрүү тууралуу методологиялык принциптердин жана конкреттүү практикалык сунуштардын иштелип чыккандыгында.

Диссертациянын теоретикалык жоболорун, негизги тыянактарын жана сунуштарын мамлекеттик саясатты түзүүдө, экономиканын кичи бизнес жана ишкердик институттарынын ишмердүүлүгүнүн тактикасын жана саясатын иштеп чыгууда колдонууга болот.

Изилдөөнүн кээ бир аспектилери илимий-изилдөө жумуштарында жана “Кичи ишкананы башкаруу”, “Кичи ишканалардын экономикасы”, “Коомдук сектордун экономикасы” деген курстарды окууда колдонулса болот.

Ал эми изилдөөнүн экономикалык маанилүүлүгү изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактардын кичи ишканаларды башкаруунун аймактык алкагында экономикалык механизмдердин негизги жоболорун толуктаганында турат.

Ошондой эле, изилдөөдө алынган илимий натыйжаларды инфраструктураны өнүктүрүүгө багытталган инвестицияларды тартууда жана интеграциялык долбоорлорду ишке ашырууда колдонууга болот.

**6. Иштин кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга дал келүүсү**

Автордун диссертациялык изилдөөсү илимий иштин бирдиктүүлүгүнө болгон негизги талаптарга жооп берет, коюлган максатты чагылдырат жана теориялык, усулдук жана практикалык жандоолорду ачып көрсөтө алат.

Иштин структурасы сакталган, негизги жоболор автордун катышуусу менен сыноодон өткөрүлгөн жана жарык көргөн.

Автореферат диссертациянын мазмунуна дал келип, кыскача формада иштин негизги жоболорун, максатын жана милдеттерин, натыйжаларды өз ичине камтыйт.

Коргоого берилген диссертациялык иштен анын автору тарабынан олуттуу илимий изилдөө иштери жүргүзүлгөндүгү көрүнүп турат. Ошону менен бирге диссертациялык иштин кээ бир кемчилдик жактары да бар. Алар:

1. Кичи ишкердиктин чарба жүргүзүүчү субъекттери менен жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн абалы терең талданбаган.
2. Автордун кээ бир ойлору редакциялык толуктоолорду талап кылуу менен стилистикалык каталарга ээ.

Жогоруда аталган кемчилдиктерге карабастан, Туркбаев Адамбек Борубаевичтин диссертациялык иши жетишээрлик даражада жогорку деңгээлде даярдалган, автор каралып жаткан көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн жолдорун аныктоо боюнча өзүнүн терең билимин, өз алдынчалуулугун жана аныктыгын көрсөто алган. Изилдөөнүн негизги натыйжалары илимий-практикалык конференцияларда жарыяланып, басылмаларда чыгарылган эмгектеринде көрсөтүлгөн.

Туркбаев Адамбек Борубаевичтин «Кичи ишкердүүлүктү иштетүүнүн жана туруктуу өнүктүрүүнүн экономикалык чөйрөсүн уюштуруу» деген темадагы диссертациялык иши актуалдуу темага болгон комплексттүү жыйынтыкталган илимий изилдөө болуп саналат, ал эми анын автору 08.00.05 - Экономика жана эл чарбасын башкаруу (Ишкердиктин экономикасы) адистиги боюнча Экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасына ээ болууга татыктуу.

**Официалдуу оппонент**
**э.и.к., доцент:** Гыязов А.Т.

**элек.дареги: aziret-81@mail.ru**
**+996 779 486 100**
**Дареги: Кызыл-Кыя шаары 720300,**
**Нигматулина кочосу 1.**

Заверяю подпись доцента Гыязова А.Т.
Начальник ок: Боронбоев Ч.М.

КАДРЛАР БӨЛҮМУ
ОТДЕЛ КАДРОВ